Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№3 [16999] ИШЕМБИ, 07/02/2026

## ДОЛБООРЛОР КАРАЛЫП, ТАПШЫРМАЛАР БЕРИЛДИ




2-бетте

## НООКАТ ШААРЫНДАГЫ ДЕМИЛГЕЛҮҮ ИШТЕР



5-бетте

## Аймактын өнүгүүсү сөз менен эмес, иш менен өлчөнөт



4-бетте

## ЖАЛПАК-ТАШТАГЫ ДЕМ БЕРГЕН ӨЗГӨРҮҮЛӨР



8-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы

# Долбоорлор каралып, тапшырмалар берилди



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө жыйын өттү. Ага ыйгарым укуктуу өкүлдүн орун басарлары, аппаратынын өкүлдөрү, бөлүм башчылары, облустагы райондук мамлекеттик администрацияларынын башчылары -акимдер, облустагы мекеме -ишканалардын жетекчилери катышышты.

Жыйындын жүрүшүндө Ош облусунун аймагында камсыздандыруу иштеринин жүрүшү, райондордогу узак мөөнөттөн бери курулуш иштери токтоп турган обьектилер, айылдардын аталыштары, ошондой эле райондук мамлекеттик администрацияларынын башчылары- акимдер тарабынан 2026- жылга карата түзүлгөн иш -чаралардын планынын долбоорлору каралды.

Жыйында каралган маселелер боюнча тиешелүү жетекчилерге тапшырмалар берилди.

**К.Кыдыралиева.**

Билим берүү

# Педагогикалык ишке берилгендик

Абдулазизова Наргиза Хабибилаевна педагогдук эмгек жолун 2004-жылы Өзгөн районундагы Марат Разаков атындагы жетим жана ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдардын мектеп-интернатында тарых мугалими болуп баштаган. Ошол күндөн тартып бүгүнкү күнгө чейин аталган билим берүү мекемесинде үзүрлүү эмгектенип, өз кесибине берилген, изденип иштеген мугалим катары таанылып келет.



Наргиза Хабибилаевна сабак өтүүдө окутуунун алдыңкы, заманбап усулдарын кеңири колдонуп, окуучулардын тарых сабагына болгон кызыгуусун арттырууга өзгөчө көңүл бурат. Анын жетекчилиги астында окуучулар райондук, облустук олимпиадаларга жана ар түрдүү интеллектуалдык конкурстарга катышып, байгелүү орундарды багындырып келишүүдө.

Айрыкча кыргыз элинин тарыхын, каада-салтын, маданий мурастарын окутууда жасаган иштери өзгөчө белгилөөгө арзыйт. Мектеп ичинде тарых музейин уюштуруп, аны жыл сайын жаңы экспонаттар менен байытып келет. Музей заман талабына ылайык жабдылып, өзгөчө табит менен жасалгаланган. Ал музей окуу процессинде активдүү пайдаланылып, окуучулардын улуттук тарыхка болгон кызыгуусун, мекенчилдик сезимин калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

Мындан тышкары, кылмыштуулуктун алдын алуу максатында мектепте укук каанасын уюштуруп, укук багытындагы атайын кружокту жетектеп келет. Бул кружокто окуучулар өз укуктары, милдеттери тууралуу терең түшүнүк алып, коомдо өз ордун табууга багыт алышат.

Абдулазизова Наргиза Хабибилаевнанын көп жылдык үзүрлүү эмгеги тийиштүү деңгээлде бааланып, Мырза-Аке айыл өкмөтүнүн, Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн, Ош облустук мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

2020-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгисине татыктуу болгон.

**А.САПАРБАЕВА.**

Архивдик документтерден

# Жайлоолорго жолдордун курулуу баяны

Эки жүз миң гектардан ашуун жерди ээлеген чөп чабынды жана жайыттуу жери бар Кызыл-Талаа аймагында Кара-Суу, Ноокат, Араван райондорунун он бир чарбасы жай мезгилинде малын жайышкан. Бирок, мал жайылган жайыттарга жана Коже -Келен поселогуна 40 км. аралыкка чейин бир ат өтө ала турган гана жол бар эле.

Ага байланыштуу аталган райондордун, Кожо-Келен жана Чөгөм айылдарынын жашоочуларынын өтүнүчтөрү боюнча Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 1974- жылдын 27 майындагы №227- токтомуна ылайык, партиянын Ош обкомунун бюросунун 1974- жылдын 17- сентябрындагы кеңешмесинде Ак- Буура дарыясынын баш жагындагы чөп чабынды жана жайыт жерлерине райондор аралык автомобилдик жолду куруу маселеси каралган. Ошондой эле Коже – Келен жайыт жерлерине чейин 40 км. аралыка жол куруу маселеси чечилген. Жолдун биринчи бөлүгүн 1974 –жылдын сентябрында баштап, жалпы жолду 1975 жылдын май айында бүткөрүү каралган.

Жол куруунун башка буюртмачысы болуп "ЮжЭЛУАД" тандалган. Башкы жол куруу жумуштарын "Юждортрансстрой" тректи аткарган. Кара- Суу, Араван, Ноокат райондук партиялык комитеттери жана райаткаруу комитеттери "ЮжЭЛУАД" жана Папан -Кичик- Алай жолунун курулушуна кызыкдар чарбалар менен биргеликте жол курулушуна кеткен чыгымдын үлүштүк өлчөмүн белгилеп, 1974 -жылдын 20- сентябрына чейин "ЮжЭЛУАДга" аванс которуулары керек бболон.

Жолдун курулушу Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 1974- жылдын 27- майындагы токтомунда белгиленген шарттарда ишке ашырылып, бийик тоолуу



жайыттарга жана чөп чабынды жерлерге баруучу жолду куруу үчүн облуска бөлүнгүн жалпы лимиттин эсебинен жүргүзүлгөн.

Райондук аткаруу комитеттери, облустагы өнөр жай ишканалары жана уюмдар жолдун курулушуна өз салымдары менен катышышкан, керектүү механизмдерди, материалдарды жана адамдарды бөлүшкөн. Ак- Буура дарыясынын үстүнө көпүрөлөрдү куруу мындайча бөлүштүрүлгөн: Кара - Суу району жана "Памир жолдору" - 2 көпүрө, Ноокат району жана «Юждортрансстрой» - 2 көпүрө, Араван району жана ЮжЭЛУАД – 2 көпүрө.

Партиянын райондук комитеттери, райондук аткаруу комитеттери жолду жана көпүрөлөрдү куруу мезгилинде 100 жумушчу адамдарды бөлүүсү жана аларды зарыл болгон жабдуулар жана транспорт менен камсыздоого милдеттендирилген.

Жол жана көпүрө курууда иштеген бардык жумушчуларды керектүү болгон турак жай менен, жашоо шарттары менен камсыздап, үч маал тамактануну уюштуруу зарыл болгон. Облустук керек-жарак коому, райондук аткаруу комитети жол жана көпүрө курууда иштешкен жумушчуларга зарыл азык-түлүк продукцияларын, өнөр жай товарларын камсыздоого милдеттендирилген. Бул максатта автолавка бөлүнгөн.

Түштүк өндүрүштүк автотрести аталган курулушка төрт автомашина, жеткиликтүү сандагы "самосвал" камсыздап, курулуш материалдарын да үзгүлтүксүз камсыздоого милдеттендирилген.

Облустук саламаттыкты сактоо уюму медициналык тейлөө жагын колго алган, партиянын райондук комитеттери, маданият башкармалыктары маданий тейлөөнү уюштурууга милдеттендирилген. Аны аткарууга бул максаттарда автоклубдар, өздүк көркөм чыгармачылык бригадалары, кинотасмаларын коюу ишке ашырылган.

Облплан керектүү курулуш материалдарын камсыздалган. Ошондой эле «Киргизгипросельхоз» институнунун Оштогу филиалына 1975- жылдын 1 январына чейин Кожо-Келен, Кичик-Алай жана Чөгөм дарыяларынын кошулган жерине жакын аймакка маданий борборун долбоорлоо тапшырмасы коюлган. Облустук айыл чарба башкармалыгына жана Түштүк совхозтрестине 1975-жылга аталган маданий борбордун курулушун баштоо, "Ошоблмежколхозстрой" облустук бирикмесине курулушту ишке ашыруу каралган.

Жолдун жана көпүрөнүн курулушун тездетүү үчүн «Киргизсельхозтехника» облустук бирикмесине жылып жүрүүчү вагондорду ( 6 даана), прицептүү күйүүчү май куюучу техниканы ( 4 даана), 1 экскаватор, бульдозерлерге кыймылдаткычтарды, запастык бөлүктөрдү камсыздоо жүктөлгөн.

Жолдун жана көпүрөнүн курулушунда мыкты иштеп, айырмалангандар үчүн кезексиз 10 автомашинаны реализациялоо, 15 оор мотоциклдер жана башка баалуу буюмдар сыйлыкка каралган. Кожо-Келен, Кичик-Алай жана Чөгөм дарыялары кошулган жайга Папан-Кичи-Алай жолун курууда эмгеги менен айырмаланган жумушчулардын фамилиялары жазылган плитаны илүү каралган. Токтомго партиянын Ош обкомунун секретары С.Ибраимов, облаткомдун төрагасы Т.Кошоев кол коюшкан.

Ушинтип курулган автомобилдик жол жарым кылымдан бери пайдаланалып келүүдө.

**Нурия Хасанов, ЮМГАОПДнын архивисти.**

# БАНКТЫН АТЫН ЖАМЫНГАН АЛДАМЧЫЛАРДЫ КАНТИП ТААНЫСА БОЛОТ?

**Макаланын бул чыгарылышында банктык кызматтын керектөөчүлөрүнүн коопсуздугу тууралуу айтып бермекчибиз. Учурда жарандарыбыздын көпчүлүгү банк кызматынын керектөөчүсү болгондуктан, бул багытта көптөгөн тобокелдиктер дагы жок эмес. Алардын бири жана актуалдуусу жарандарыбыздын сыртынан шылуундар онлайн кредиттерди тариздеп, аларды түйшүккө салган учурлар болуп келген. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 2025-жылдын 1-ноябрынан тартып «Кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу» жаңы механизми ишке киргизилген. Ачык булактардагы маалыматтарга таянсак, 2025-жылдын 1-ноябрынан 2026-жылдын 29-январына чейинки мезгил аралыгында 159 132 жаран Tunduk мобилдик тиркемеси аркылуу кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салышкан. «Кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу» жаңы механизми тууралуу кеңири маалыматты газетанын өткөн чыгарылышына жайгаштырган элек. Андыктан банктык кызматты колдонуудагы башка кооптуу жагдайлар тууралуу сөз кылсак, алар негизинен төмөнкүлөр:**




1. Карточкадан ээсинин макулдугусуз/макулдугу менен акчасын алуу, өтө кирешелүү бизнеске акча салууну сунуштоо, паролдорду жана пин-коддорду уурдап алуулар кирет. Акчаңызды тартып алуу үчүн же жеке мүнөздөгү маалыматтарды алуу максатында, кылмышкерлер алдамчылыктын түрдүү схемаларын жана/же социалдык инженериянын ыкмаларын (психологиялык көз жаздыруу) колдонушат. Банктын, мамлекеттик ишканалардын кызматкери, же керек болсо тууганыңыз болуп дагы алдашат;

2. Интернеттеги сатуу/сатып алуулар. Алдамчылар товарга акча которуу үчүн демиш болуп, жарандын картасынынын артындагы кодун сурап билип, анын картасындагы акчасын өзүнө которуп алат. Ушул эле схеманын тескери варианты – алдамчылар интернеттеги «безопасной сделки» деген жасалма сервисти колдонушат. Адамдар товар үчүн акчаны которгондон кийин алдамчылар изин суутушат;

3. Интернеттеги ссылка аркылуу сатып алуулар. Бул схема түрдүү сайттардагы сатып алуу боюнча жарнактарда жайылган. Алдамчылар шек жаратпаш үчүн товар үчүн акча сурашпайт, анын ордуна ссылка жиберишет. Алданып жаткан адам интернет аркылуу товарга төлөп жатам деп ойлойт, чындыгында акчасын шылуундун карточкасына которгон болот;

4. «Жакын адамыңыз кырсыктап калды». Алдамчылар аккаунтка кирип алышып, вотсап аркылуу билдирип же телефон чалышып, жакын адамыңыз кырсыктап калганынына байланыштуу тез арада акча которууңузду талап кылат;

5. Лотерея жана сурамжылоо. Жаран интернеттен «Лотереяга катышып же сурамжылоодон өтүп, сыйлык ал» – деген рекламаны же ссылканы көрөт.




Ал үчүн чакан форманы толтуруу керек. Кардар картасы тууралуу маалыматты формага киргизет – алдамчылар акчаны өздөрүнө которуп алат, же кийинкиде алдоо максатында маалыматтарды алышат;

6. «Коопсуз счет». «Коопсуздук кызматынан» телефон чалышып, кызматкерлер тобу сиз тууралуу маалыматтар сыртка чыгарып жиберишкенин айтышат. Алданып жаткан адамдан банкоматтан акчаны накталап, атайын коопсуз счетко которууну талап кылышат;

7. Кирешелүү бизнеске акча салуу же финансылык жардам. Жалпыга маалымдоо каражаттары, соцсеттер аркылуу ар кандай активдерди сатып алууга үндөшөт, же Улуттук банктын жана башка финансылык мекемелердин атынан финансылык жардамдарды сунушташат. Ссылкага кирип же ар кандай бизнестерге акча салып, пайда табууга болот дешет. Рекламаны укмуштуудай уюштуруп, Улуттук банктын атрибуттарын жана белгилүү адамдардын сүрөттөрүн колдонушат.

Өзүңүздөр байкагандай, акча табуу үчүн шылуундар түрдүү ыкмаларды колдонушат жана биз жогоруда санап өткөн учурлар алдамчылык схемасынын айрымдары гана, ал эми күнүмдүк жашоодо алдамчылыктын түркүн түрлөрү болуусу толук мүмкүн. Ошондуктан мындай кооптуу жагдайга туш болбоо үчүн, төмөндө, алдын алуунун негизги чараларын сунуштайбыз. Алар төмөнкүлөр:




- Онлайн-банкингдин паролун, логинин жашыруун сактаңыз;
- Белгисиз ссылкаларга кирбеңиз, күмөндүү номерлерге кайра чалбаңыз;
- Сизге акча түштү деген СМС келсе, кимдир бирөө акчаны туура эмес которуп алдым деп чалса, акчаны кайтаруудан мурун акчаңыздын калдыгын текшериңиз;
- Картаңызды уурдатып, жоготуп алсаңыз, же аны банкомат «жутуп» алса шыр эле банкка чалыңыз;
- Эсебиңиздин абалын банктан алынган чектер менен текшерип туруңуз, күмөндүү операциялар болгон болса тез арада банк менен такташыңыз;
- Электрондук капчык тиркемеси бар телефонуңузду уурдатып алсаңыз тез арада банкка чалып, капчыгыңызды блоктотуп коюңуз;
- Тааныш эмес адамдарга банкоматтан акча чыгарып берүү өтүнүчү менен кайрылбаңыз.

**Бардык кызыктырган суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгына кайрылсаңыздар болот.**

**Дареги: Ош шаары Курманжан Датка 119 . Байланыш телефондору: (03222) 4-84-63, 4-83-92.**

Кара-Суу районунун Савай айыл өкмөтүнүн башчысы Адилет Жаныбеков:

# “Аймактын өнүгүүсү сөз менен эмес, иш менен өлчөнөт”

**Кара-Суу районунун Савай айыл өкмөтүнүн башчысы Жаныбеков Адилет Жаныбекович Кара-Кулжанын уулу. Ал 1991-жылы Кара-Кулжа районунун Жаңы-Талап айылында туулуп-өскөн. Жогорку билимдүү. ОшТУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 2015-жылы Рахман-Ата айыл чарба кооперативинде төрага болуп иштөө менен баштаган. 2018-жылы, өзгөн райондук ички иштер бөлүмүндө мамлекеттик сатып алуулар боюнча башкы адис, 2021-жылы Кара-Кулжа районунун Кашка-Жол айыл өкмөтүнүн башчысы, 2024-жылы Кара-Кочкор айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары, Кара-Кочкор айылдык кеңешинин депутаты кызматтарын аркалаган.**





КР Президентинин алдындагы башкаруу академиясынын “Мамлекеттик муниципалдык башкаруу жана экономиканы туруктуу темпте өнүктүрүү” адистиги боюнча кошумча билим алган. 2024-жылдын декабрь айынан бери Кара-Суу районунун Савай айыл өкмөтүнүн башчысы кызматын аркалап келүүдө. Адилет Жаныбеков алган билимин жана топтогон иш тажрыйбасын аталган аймактын өнүгүүсүнө арнап, тер төгүп келүүдө. Анын идеалары жана иш билги сапаты менен аймакта бир жылда кыйла жылыштар орун алып, калктын ыраазычылыгына арзып келүүдө.

Биз Кара-Суу районунун Савай айыл өкмөтүнө жасаган иш сапарыбыздын алкагында айыл өкмөтүнүн башчысы Адилет Жаныбеков менен жолугуп, 2025-жылы аткарылган иштер тууралуу кенен маектешип кайттык. Айыл аймагындагы өзгөрүүлөрдү, мындагы курулуштарды, социалдык демилгелерди жана элдин турмушундагы жагымдуу жылыштар тууралуу баарлаштык.

1996-жылы негизделген Савай айыл өкмөтү бүгүн Кара-Суу районунун түштүк бөлүгүндө жайгашкан, тогуз айылдан турган, калкы 30 миңден ашкан ири аймак. Бул жерде 8 мектеп, 8 бала бакча, 7 медициналык мекеме, анын ичинде бир оорукана иштейт. Мындай чоң аймакты башкаруу да албетте, чоң жоопкерчиликти талап кылат. Ал жоопкерчиликти Адилет Жаныбеков ишеним менен аркалап келе жатат.

## Бюджеттен башталган ишеним

Аймактын өнүгүүсү, баарыдан мурда, каржылык тартипке көз каранды. Бул багытта Савай айыл өкмөтү 2025-жылы өзгөчө жыйынтыктарга жетишти. Жергиликтүү бюджеттин планы 38088,5 миң сом деп белгиленип, жыл жыйынтыгында 42071,5 миң сом жыйналып, 110,5 пайыз аткарылды.

Адилет Жаныбеков бюджетти көбөйтүүнү элге кызмат кылуунун куралы катары карайт. Ошондуктан каражат социалдык, инфраструктуралык жана өндүрүш багыттарына багытталганын айтат.

## Савайда экономика жанданды

2025-жылдын жыйынтыгы менен Савай айыл өкмөтүндө өнөр жай продукциясынын дүң көлөмү 315 млн сомдон ашты. “Алайкуу Органикс”, “Ак Кен”, “Биримдик Савай” сыяктуу ишканалар аймактын өндүрүштүк жүзүн аныктап, ондогон адамдарды жумуш менен камсыз кылды.

Чакан жана орто бизнеске колдоо көрсөтүү Адилет Жаныбековдун башкы багыттарынын бири. Жыл ичинде 29 жаңы жумуш орду түзүлүп, дүкөндөр, тейлөө жайлары, өндүрүш цехтери ачылды. Бул миграцияны азайтууга, элдин кирешесин көбөйтүүгө түз салым болду десек болот.

## Балдар үчүн курулган келечек

Савай аймагында балдар бакчасы маселеси көп жылдардан бери курч болуп келген. 2025-жылы бул көйгөй чечкиндүү кадамдар менен жоюла баштады.

Кен-Сай айылындагы 120 орундуу бала бакчанын курулушу толук аяктап, 2025-жылдын 29-августунда Кыргыз Республикасынын Президентинин катышуусунда салтанаттуу түрдө ачылды. Ал эми Курбан-Кара айылында 100 орундуу бала бакчанын курулушу кызуу жүрүп жатат.

Аталган обьектилер келечекке салынган инвестиция, ата-энелердин түйшүгүн жеңилдеткен, балдардын коопсуз жана сапаттуу тарбия алуусуна багытталган аракеттер экенин Адилет Жаныбеков айтып өттү.

## Айыл чарба Савайдын таянычы

Айыл чарба тармагында 2025-жыл Савай үчүн берекелүү болду. 1781 гектар жер өз убагында айдалып, эгин эгилип, сугат системалары тазаланды. Натыйжада буудай, күрүч, пахта, жүгөрү, жашылча жана тоют өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алынды.

“Бир айыл -бир продукт” долбоорунун алкагында Савай айылында 76 гектар жерге күрүч эгилип, аймактын брендине айланган продукция өнүктүрүлдү. Дыйкандарга жеңилдетилген насыялар боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, айыл эмгекчилерине колдоо көрсөтүлдү.

## Савайдагы жол, суу, жарык маселеси

2025-жылы Савай айыл аймагында 5,6 чакырымдан ашуун ички жолдор асфальттады. Бул иштер Кара-Суу районунун 90 жылдыгына карата аткарылып, республикалык, жергиликтүү бюджет жана элдин салымы менен жүзөгө ашты.

Ичүүчү таза суу боюнча Октябрь айылында ири долбоор ишке ашып, 47 млн. сомдук курулуш иштери башталды. Ирригация тармагында 12,8 км. арык тазаланып, жүздөгөн гектар жер сугат суу менен камсыз болду.

Энергетика тармагында да олуттуу иштер аткарылып, электр мамычалары жаңыланып, трансформаторлор РЭТ балансына өткөрүлдү.

## Адам тагдырына камкордук

Адилет Жаныбеков жетектеген команда социалдык маселелерди көңүл борборуна койду. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар, тоголок жетим балдар, ардагерлер дайыма колдоого алынды. Социалдык контракттар, материалдык жардамдар, дары-дармекке каражат бөлүү иштери тыкыр алынып барылды.

“Савай аймагын алдыга жылдырууда көйгөйлөрдү көтөрүп чыгып, аны пайдалуу тарапка чечүү, эл үнүн угуп, жашоочуларыбызга жакшы шарттарды жаратып берсек деген изги тилек менен иштеп келатабыз. Мен жетекчи болуп келген күндөн тартып, калктын арасында эле жүрөм. Эң көйгөйлүү маселелерди жыл ичи чечүүгө аракеттерди көрдүм. Каражат таап калктын муктаждыктарына колдоо көрсөтүүнү максат туттук. Шүгүр, алдыга койгон пландарыбыз акырындап аткарылууда, бул жылы да иш-пландарыбызды иш жүзүнө ашырууга аракеттерди көрүп келатабыз. Менин максатым, аймакты өнүктүрүү сөз менен эмес, иш менен далилдениши керек деп ойлойм”-дейт Савай айыл өкмөтүнүн башчысы Адилет Жаныбеков.

Албетте, жогоруда аткарылган иштердин жыйынтыгы артында аймак башчысы Адилет Жаныбековдун так пландоосу, эл менен иштешкен стили жана демилгелүү жетекчилиги турат. Чындыгында аткарылган иштерге эл тараза, эл сынчы деп бекер айтылган эмес. Адилет Жаныбековдун бир жыл аралыгында аткарган иштерине Савай эли алкыш айтуу менен жаш жетекчинин демилгелерин колдоп келишкенин ырасташат.

**Н.ӨМҮРЗАКОВА.**

Аскарали Абдибаев:

# “Социалдык камкордук өзгөчө орунда”

**Ноокат шаарын ар тараптан жакшыртуу үчүн бир топ алгылыктуу иштер аткарылып жатат. Мына ушул багытта Ноокат шаарынын мэри Абдибаев Аскарали Рысбековичтен өткөн жылдагы ийгиликтер жөнүндө сурагаыбызда мына буларды айтып берди.**

–Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 8-сентябрындагы №214 мыйзамынын негизинде Ноокат шаары райондук деңгээлдеги шаар статусун алган. Шаар Таштак, Кара-Турпак, Бостон, Барын болуп, жалпысынан 4 аймактык башкармалык, 52 көчөдөн турат. Ноокат шаарынын аймагында 23 мамлекеттик мекеме, 12 муниципалдык объект, 1 оорукана, 2 ФАП, 3 жеке клиника, 22 дарыкана, 3 УЗИ, 1 АСЗ, 55 коомдук тамактануучу жай (кафе жана ашкана), 1 ресторан, 1 борбордук базар жайгашкан. Бүгүнкү күндө кадрлардын кызмат орундарын толуктоодо сынакка өтүнмөлөр электрондук түрдө жиберилип, кадрлардын ички резерви түзүлгөн. “Е-кызмат” кадрдык түзүмүнүн бирдиктүү базасына Ноокат шаарынын мэриясынын кызматкерлеринин бардык тиешелүү маалыматтары киргизилген. Учурда бул база 100% толук иштеп жатат.

Мэрияда «Infodocs» электрондук документ жүгүртүү тутуму менен иш кагазадарынын кирүү чыгуу процесси толугу менен көзөмөлдөнөт. Электрондук номенклатура түзүлүп, бекитилген. Бүгүнкү күндө аппарат толук бул система менен иш алып барат. Токтом, буйруктардын долбоорлору тиешелүү кызматкерлер тарабынан даярдалып, Ноокат шаардык мэриясы тарабынан бекитилет.

2025-жылдын 12 айына карата бекитилген бюджет 91 млн. 691 миң сом болсо, факт жүзүндө аткарылганы 97 млн. 855 миң сомду түздү. Аткарылган бюджет: -103 млн. 419 миң сом.

2025-жылдын 12 айында турак жайлардын милдеттүү камсыздандыруудан өткөрүү боюнча калк арасында үзгүлтүксүз түшүндүрүү жана агартуу иш-чаралары жүргүзүлдү. Жүргүзүлгөн иштердин негизинде жалпысы 855 жарандын турак жайы өрт жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруудан өткөрүлдү. Белгиленген пландык көрсөткүчкө салыштырмалуу аткаруу деңгээли 43 пайызды түздү.

## Инвестициялар

Райондук статистикалык маалыматка ылайык, 2025-жылдын 12 айынын ичинде Ноокат шаар аймагына жалпы 172 млн. 789 миң сом көлөмүндө инвестиция тартылган. Алардын багыттары төмөнкүчө бөлүнөт: 142 млн. 471 миң сом – ичүүчү таза суу системасын жакшыртууга; 11 млн сом – шаардагы инфратүзүмүн өнүктүрүү, парк жана жашылдандыруу иштерине; 4 млн. 500 сом – жол лотокторун орнотуу жана асфальттоо иштерине; 14 млн. 818 миң сом – жеке курулуш иштерине багытталган.

## Өнөр жай жана тейлөө тармагы

Ноокат шаар аймагында кичи, чакан жана орто ишканалардын, калкка кызмат көрсөтүү жана тейлөө субъекттеринин саны күндөн-күнгө өсүп, жергиликтүү бюджетке кошкон салымы артууда. 2025-жылдын 12 айынын ичинде ачылган жана ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан негизги субъекттерди атасак, Төлөнов көчөсүндө 2,5 млн. сомдук инвестиция менен ачылган, 10 жумушчу орундуу мини-ресторан иштеп жатат. Жеңил өнөр жай тармагында иш алып барган 5 тигүү цехи бар. “Умар Бренд” тигүү цехи – 80 жумушчу орун, “Билал Кидс” тигүү цехи – 30 жумушчу орун; “Дайра” тигүү цехи – 52 жумушчу орун;




“Альбина” тигүү цехи – 10 жумушчу орун менен камсыз болду.

Ал эми Кулатов көчөсүндө ачылган жаңы тамактануучу жай 6 жумуш орду менен камсыз болгон. Абдумаликов көчөсүндө курулуш материалдарын өндүрүүчү 3 ишкана (кольцо, брусчатка жана профнастиль чыгаруу) ишке киргизилип, жалпысынан 15 адам жумуш менен камсыз болгон. “Мурас билим берүү комплекси” ишин жүргүзүп, учурда 14 мугалим иштеп, 57 окуучу билим алууда.

## Билим берүү

2025–2026-окуу жылында Ноокат шаарынын аймагында жалпысынан 6089 окуучу билим алууда. Анын ичинен 571 окуучу бүтүрүүчү, алардын 454ү – 9-класстты, 117си – 11-классты аяктоодо. Мугалимдердин жалпы саны 332 адамды түзөт. Шаар боюнча билим сапатынын орточо көрсөткүчү 39,8%. Кыргыз Республикасынын Президентинин №561 Жарлыгынын талаптарына ылайык, балдардын билим алуу укугун камсыз кылуу боюнча квартал сайын тактоо иштери жүргүзүлүп, аз камсыз болгон жана 3 же андан ашык окуучусу бар үй-бүлөлөр аныкталды. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелип, үйдөн билим алган 12 балага мугалимдер тарабынан окутуу уюштурулду.

Жергиликтүү бюджеттен 55 окуучуга окуу куралдары алынып берилди, репатриацияланган үй-бүлөлөрдүн балдарына акчалай жардам көрсөтүлдү. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн 5 баласы жайкы эс алуу лагерине жөнөтүлдү. Сабакка көп катышпаган окуучулар боюнча социалдык педагогдор менен биргеликте түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Шаар аймагында 5 муниципалдык, 1 жеке жана 1 акселератордук бала бакча иштейт. 1–6 жаштагы 1900 баланын ичинен 838и бала бакчага тартылып, камсыздоо деңгээли 42,6% түздү.

2025-жылы билим берүү тармагына 21 844 700 сом бөлүнүп, жергиликтүү бюджеттин 16,5%ын түздү. Бул каражаттардын эсебинен мектептер жана бала бакчалар күз-кыш мезгилине жана жаңы окуу жылына даярдалып, көмүр менен камсыздалып, оңдоп-түздөө иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле бир катар билим берүү мекемелеринин жылытуу системалары, чатырлары, класстык бөлмөлөрү жана стадион оңдолуп, пайдаланууга берилди.

Окуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында бардык мектептерге жүз таануучу видеокөзөмөл системалары орнотулду. Мугалимдерди жана окуучуларды колдоо үчүн спорттук мелдештер, майрамдык иш-чаралар уюштурулуп, мугалимдерге сыйлыктар, аз камсыз болгон окуучуларга окуу куралдары тапшырылды.

## Саламаттыкты сактоо жана социалдык жардам

2025-жылга карата шаар аймагында жалпысынан ДМЧ 279 жаран социалдык фонду, 234 жаран социалдык коргоо башкармалыгы тарабынан каттоого алынган. Анын ичинен 1-топ 22 жаран, 2-топто 208, 3-топто 49 жаран, андан сырткары, 3 оруктун ардагери, 7 Ооган согушунун ардагери, 3 ЧАЭС кырсыгын ардагери, инклюзивдүү билим алып жаткан 12, көзү жана дүлөйлүгү боюнча 60 жаран катталган.

Ноокат шаарынын мэриясы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-декабрындагы №600 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030- жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүү боюнча “Ден соолугу чың адам-өнүккөн өлкө” программасы жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү” жөнүндөгү” №802-токтому менен толукталган программаны ишке ашыруу максатында калктын ден соолугун чыңдоого жана сергек жашоо образын жайылтууга багытталган бир катар иш-чаралар ийгиликтүү өткөрүлдү.

Тактап айтканда, ҮБДТ кызматкерлери менен биргеликте калк үчүн акысыз медициналык кароолор уюштурулуп, кан басымын өлчөө, кандагы канттын деңгээлин текшерүү, дарыгерлердин кеңештери берилди. Ошондой эле улгайган адамдарга, ДМЧ жарандарга жана социалдык жактан аярлуу катмарга керектүү жардамдар көрсөтүлдү.

Калктын ден соолугун коргоо жана жугуштуу оорулардын алдын алуу максатында эмдөөдөн баш тарткан жарандар менен түшүндүрүү жана профилактикалык иштер жүргүзүлдү. Бул иштердин негизги максаты – эмдөөнүн маанисин түшүндүрүү, туура маалымат берүү жана калк арасында ишенимди жогорулатуу болуп саналат.

Иш-чаралардын алкагында шаар мэриясынын кызматкерлери медицина кызматкерлери, көчө комитеттери, квартал башчылары, жергиликтүү имамдар менен биргеликте, калк арасында жолугушуулар өткөрүлүп, эмдөөнүн пайдасы, коопсуздугу, таасирлери тууралуу кеңири маалыматтар берилди. Ошондой эле жалган маалыматтарга жана туура эмес түшүнүктөргө түшүндүрмөлөр жасалды. Эмдөөдөн баш тартуунун себептери (ден соолукка байланыштуу, диний ишенимдер, миграция же маалыматтын жетишсиздиги) аныкталып, ар бир жаранга жеке мамиле жасалды. Балдарына эмдөө жасатпай жаткан ата-энелер менен өзүнчө профилактикалык сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Мындан тышкары, калк арасында маалыматтык баракчалар таратылып, медициналык мекемелерде жана коомдук жайларда түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Спорттук иш-чаралар активдүү өткөрүлдү. Ноокат шаарында массалык чуркоо, футбол, волейбол, баскетбол, шахмат жана шашки боюнча мелдештер уюштурулуп, жаштар жана өспүрүмдөр кеңири катышты.

Ошондой эле сергек жашоо образын жайылтуу максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, лекциялар жана жолугушуулар уюштурулуп, туура тамактануу, зыяндуу адаттардан алыс болуу тууралуу маалыматтар берилди. 2025-жыл ичинде аталган программанын алкагында шаар аймагындагы ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген, дары-дармек үчүн материалдык жардам сурап кайрылган жарандарга жалпысынан 332 миң сом өлчөмүндө жардам көрсөтүлдү.



## Өзгөчө кырдаалдар

2025-жыл ичинде өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу багытында 250 миң сомдон ашуун инвестиция тартылды. Тартылган каражаттар инженердик коргоо иш-чараларына, өрт коопсуздугу каражаттарын жаңылоого жана окутуу иш-чараларын өткөрүүгө багытталды. Өрт коопсуздугу жана жарандык коргонуу боюнча мыйзамдардын талаптарын аткарууну камсыз кылуу максатында түшүндүрүү иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлдү. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгында мыйзам талаптарын бузган жарандарга жана чарба субъекттерине Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык административдик айып пулдар салынды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-мартындагы №56 «Автомобиль жолдорунун жээгиндеги жерлерге (жол тилкесиндеги жана жол боюндагы тилкедеги жерлерде) жол боюндагы тейлөө объекттерин (анын ичинде сооданы) мыйзамсыз жайгаштырууну алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына ылайык, Мыйзамсыз курулуштарды аныктоо жана эскертүү берүү иштери жүргүзүлдү. Шаардын борбордук көчөлөрүндө жана кызыл сызыкка чыккан аймактарда мыйзамсыз жайгашкан объекттерди (соода түйүндөрү, контейнерлер, убактылуу жайгаштырылган соода арабалары ж.б.) аныктоо боюнча текшерүү иштери жүргүзүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгында бир катар мыйзамсыз объекттер катталып, алардын ээлерине расмий түрдө эскертүү кагаздары тапшырылды. Эскертүү мөөнөтү аяктаган соң, өз ыктыяры менен алынбаган объекттерди бузуу боюнча кайрадан эскертүү берилип, чаралар көрүлдү.

Белгилесек, Ноокат шаарынын аппаратында өз ишин мыкты билген кесипкөй адистер эмгектенишет. Мэрдин орун басары Мансур Данияр уулу, аппарат жетекчиси Мухаиied Парпиев, ФЕБ башчысы Замир Камалов, Башкы эсепчи Хаятхан Мамажанова, социалдык адис Чарас Инакова ж. б. кызматкерлер чын дилден эмгектенишүүдө.

**Б. Ысакова.**

Ой чабыт

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**(башталышы мурдагы санда)**

1982-жылдын март айынын ишемби күнү "токойчулардын" жатаканасында болуп өткөн жолугушуунун катышуучулары – Раимжан, Мирослав, Баян, Абдылда, Эркин, Бакыт, Жумабек, Аскар Шакировдор жашаган жатакананын чоң залындагы сый дасторкон белгилүү жердешибизди күтүп туруптур. Студенттер дүйнөдөгү эң бай, эртеңкисин ойлобогон калк болот эмеспи. Болгон тыйындарын топтоп, дасторкондо эмнелер гана жок.

Дасторкон үстүндө Р.Абдыкадыров: "Урматтуу кыргызстандык инилерим, карындаштарым! Сиздер менен орустардын алгачкы борбору болгон Киев шаарында, улуу Шевченконун жеринде жолугушуп жатканыма абдан сыймыктанам. Силердин бул жердеги окууңар ийгиликтүү болуп, келечекте Кыргызстандын өсүп-өнүгүшүнө татыктуу салым кошкон атуулдардан болушуңарга чын дилимден тилектешмин! – деген ойдо сөз сүйлөдү. Андан соң, ал жерде отургандардын көпчүлүгү сөз алып сүйлөөгө аракет жасап, ошол мезгилдин тирүү классигине айланган атактуу жердешибиздин ысымына не деген асыл сөдөр, мактоолор сүйлөнбөдү. Ооба, бул атактуу, абройлуу адам менен жолугушуп, бир дасторкондо бет келип олтуруу ар бирибиз үчүн чоң бакыт болчу! Балдар аккордеон таба алышпай, гармошка, мондалин таап коюшкан экен. Бул инструменттер менен үч-төрт обонун ырдады да, ал аспаптарга алымсынбадыбы, айтор, бир маалда эчкирип ыйлап алды да, кечирим сурап эс алайын деп өтүндү.

Мына ошол кездешүүдөн кийин, прокатка аккордеон алдым да, пединституттун жатаканасына жеткирип бердим. Аптанын ишемби, жекшемби күндөрүн гана күтүп калдым көрүнөт, ал күндөргө чейин убакыт токтоп калгандай. Сабак бүтөрү менен Днепрдин сол жээгин көздөй шашып жөнөмөй, бул күндөрү музыканын сыйкырлуу дүйнөсү бүт эркимди ээлеп алгандай, кереметтүү обондор мен кай жерде болсом да ээрчип жүрдү. Ошол күндөрү асыл агам менен абдан ынак болуп кеттим. Анын кай жерде болорлугун билем, мен келген сайын сүйүнүп алат. Бир жолу келсем бөлмөсүндө ошол окуу жайда окуган Мелис аттуу Токтогулдук жигит олтурган экен, ага китептерин көрсөтүп, мактанып отуруптур. Карасам, Эрнис Турсуновдун, Омор Султановдун, Айгүл Узаковanын, Тургунбай Эргешовдун жана дагы көптөгөн акындардын жыйнактары. Көрсө Мелистин апасы дагы акын экен, өзүнө автограф жазып берген китебин агабызга тартуулаптыр. Мен ал акын эженин аты-жөнүн унутуп жатам.

Баарлашуу учурунда кээ бир учурларда көпкө чейин унчукпай калчу, мен укпай калдыбы деп сурап калсам, айтылгандарды кайталап айтып берчү. Анын мүнөзүнө көнүп да калдым. Бир жолу ырдап берип отуруп, аккордеонун жерге кое ыйлап жиберди. Мен оңтойсузданa түшсөм, кайра бир нече секунддардан кийин эч нерсе болбогондой каткырып, бир нерсени айтып берип отурду. Ал кезде Бишкек шаары Фрунзе деп аталчу, женпедде окуган кызы Гүлзатты айтып, бир топ күндөрү капалуу жүрдү. Бир күнү сабактан келип, бөлмөдө отурсам, бир жигит келип, сизди вахтада бирөө күтүп турат дегенинен чыксам, сыртта Рыспай агам турган экен. Мен: "Жүрүңүз бөлмөгө" - десем, "Жо-ок, жүрү басып келели" – деп калды. Тез эле кийинип чыга калдым да, экөөбүз троллейбуска түшүп, шаардын борбору Крещатикти көздөй сапар тарттык. Жол катары жарытып деле сүйлөгөн жок, анча-мынча суроомо гана жооп берип отурду. Апрель айы келип калгандыктан, каштандар гүлдөп, сонун мезгил эле. Гүл жыттанган Киев шаарынын борбордук көчөсүн аралап, экөөбүз көпкө чейин басып жүрдүк, анан бир маалда мага: "Бир нерсени жууп берейинби?" – деп калды. Көрсө реферат жазганы материал издеп жүрүп, китепканадан "Жаш обончулардын альманахы" деген жыйнакта агайыбыздын "Түгөйүм" деген ыры "Кохання" деген ат менен бир топ жылдар мурун басылып чыгыптыр, аны таап алып, сүйүнүп турган кези экен. Ошону койнунан сууруп чыкты да, мага көрсөтө салды. Украина ССРи жаш обончуларды арнап, атайын жыйнак чыгарып, анда он беш республиканын ар биринен бирден обончунун ырлары жайгаштырылыптыр. Ооба, бул ыр кыргыз музыка дүйнөсүнө төңкөрүш жасаган, кыргыз обонуна жаңычылдыкты тартуулаган, агабыздын атын чыгарган алгачкы чыгармаларынын бири эле. Экөөбүз пивоканага кирип, катыра жуудук.

Киевтен кайтарга жакын, аккордеонду кайтарып жатып, өзүнүн ыраазылыгын билдирип: "Жээним, сага чоң ыракмат! Сен алып берген аккордеондун жардамы менен үч-төрт обон жазууга үлгүрдүм" – деп Айгүл Узаковanын сөзүнө жазылган "Сагынган жанмын сага окшоп" деген ырын аткарып берип, блокнотуна шурудай тизилген сулуу кол тамгасы менен: "Жээним Калил! Сага дүйнөдөгү болгон эң чоң жакшылыктарды, ийгиликтерди каалап тагаң Р.Абдыкадыров" – деп аягына Оштогу дарегин жазып, "Каникулга келгениңде сөзсүз тийип тур" – деп блокнотун тартуулаганы эсимде.

Каникулга келгенде, анча-мынча жолугуп турдум. Бир жолкусунда: "Киев шаарында "Музыка үйү" деген бар, анда аккордеондун ар кандай түрлөрү бар. Ошолордун ичинен "Волтмейстердин" жакшысын тандап, салып жибер. Мен акчасын салам" – деп айткан эле, бирок эмнегедир ал акчасын да салган жок, мен да убакыт таап, чыгынып издеп баралганым жок, мүмкүн ал башка жактан алып алган чыгар, кийин ал жөнүндө сөз кылбады.

Ошол залкар агабыз менен Киев шаарында кантип жолугушкандыгыбыз тууралуу 2014-жылы 11-январда "Ош жаңырыгы" гезитине басылып чыккан "Бир ырдын таржымалы" аттуу макаламда жазган болчумун.

**(уландысы кийинки санда)**

**Калил Орозалиев.**

# ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ...

**(Башталышы өткөн сандарда)**

Токсонунчу жылдардан кийин заман бачым өзгөрө баштады. Адам турмушунда байкалбаганы менен көп баалуулуктардын оордуна мурда терс көрүнүш деп бааланган куу шумдуктуу алдар көсөлөр коштолгон кумурскадай кым куут кыймылдын шаңы өкүм сүрө көзүмө көрүнгөн жериңди жулуп алам деген маанидеги жашоо таризДери адам турмушунда каптаганы каптаган болду. Бирок ааламдагы адаттуу алмустактан келе жаткан мыйзамдуу жаратылыштын кубулушу ошол бойдон тургансыды. Эрте менен таң супа салганда жер бети караңгылыктан арыла дагы бир күндүн сапарын баштаган күн нуру баарына тегиз чачыраса бүткүндөй жандуу жаратылыш кубана тосуп алганын адам пендесинин ажарынан эле сезсе боло турган.

Ушундай жашоо дайыма кайталанганы кайталанган. Аны өзгөртүүгө аргаң барбы. Колуңдан келсе жан кыйнабас жашоону жасап албайт белең деген туюмду аңырадаган, мурдунун алдынан алысты көрө билбегендер далай жолу топ жире далдаңдабадыбы. Мунун баары заманаңа жараша болот тура.

Калдыбай экөөбүз бала чактан бирге чоңойсок да Кара-Кулжада бир мекемеде иштеп калдык. Ал эми Оморбек менен Абдимитал да бирге иштешет. Жумуштан кийин кылчактап кете албай төрт көчөдө жолукмайбызды адаттап алганбыз. Кантсе да ынактык бала кезден калган да. Кездешкенде жаныбыз байыр ала эчак жер менен жексен болгон аталарыбыздын арбактарын жөн койбой чукуламай адатыбыз калчу эмес. Оморбек жандуу кеп урганды жакшы көрөт. Баштаганда эле Калдыбайга тийише атаң Тамашаны биз да жакшы билебиз. Сен атаңды тартпай калыпсын. Тамаша аяш атабыз алтынга алмашкыс жан эле. Бирөөгө колунан келсе жакшылык кылууну гана ойлосо керек. Мен ошондой баамдачуумун деп Калдыбайды кашылап калчуу. Абдимитал эч нерсени билмексен боло сыртта тургандай сүр көрсөтөр эле. Мен баарын байкай баамдаган боло сөз кошчуу эмесмин. Калдыбай каткыра Оморбеке андан катуурак тийише кашылаганын койчу эмес. Теңтуштук ушунусу менен таттуу белем. Төртөөбүз кандай деңгээлде сөөк сыздаткан сөздөр менен тамаша курсак да бирибирибизге такыр терикчүү эмеспиз.

Анан Калдыбай, Тойтон аяш ата кандай киши эле?-деп Оморбеке суроо таштаган болот. Ал ичинде кири жок пейили менен кандай болмок эле, өзүңөр билгендей өктөмдүгү жок, силердин эле аталарыңдардай жан болгон. Атам эл аралап актүп болгон эмес. Мына баласы турат Төштүктүн атасы Осек аяш ата менен жаны бир боло турган. Төштүк экөөбүз эс тарткандан бирге бир төшөктө корголой тегиз чоңойдук. Атамдардын ичкен жегени да бир боло турган. Муну силер эле эмес таанып билген көпчүлүк деле дадил билсе керек.

Төрт көчөдө төртөөбүз жолуккандагы кажышмайбыз ушинтип башталат. Анан казактар айтмакчы калтабызда каткан беш он тыйыныбыз болсо да бири бирибизге ыраа көрбөгөндөй сүр көрсөтө кажышканыбызды койбой көпкө туруп калабыз. Ушинтип далай күндөр өттүгө чиркин... Күндөр айга, айлар жылга тогошту. Жолуккандагы саамдагы жымжырттыкты Омар жара бузат эле. Койгула эл көрсө эмне дейт. Бирөөнү андып турган абалга келбей далдоорак жакка өтөлү деген сунушу менен "Кыргыз үй" кафесинин эшигин бажоо аттайт. Оморбектин аркасынан биз да улай кирип барабыз. Ал кафени Шааныкан эже иштете турган. Оморбек менен Шааныкан эже керек жарак башкармалыгында кошо иштешкендиктен бири бирине кеп жагынан өтүмдүүлүгү бар эле. Шааныкан эже Оморбекти тиктей өпкөндү бас деген сөзүн айтат. Шааныкан эже анчалык эмес сиз мени мобуларга караганда гаразда жакшы билесиз го деп Калдыбай, Абдимитал, мени сөөмөй менен кезей көрсөтө ичинде кири жок өктөмдүгүнө басмыр сөз узатат.

Ежекеси биздин эмнеге келгендигибизди билесиз да. Баягы өзгөчө олтурчуу жериңиз бош болсо, ошол жака жайгашалы. Асмандан издегенибиз жерден табылганына кубана анын айткандарына макул болбоско аргабыз жок эле. Оморбек шадырандап шайдоот кыймылда жүргөндү жакшы көрчү. Шааныкан эже менен кошо иштешкендиктен бири биринин сөзүн жолго калтырчуу эмес. Оморбек олтургучка ныгыра олтурган соң, бизди карай Шааныкан эженин коштоосунда кана эмне дейсиңер деген суроосун таасирдүү өктөм узатып калат. Анан, Калдыбай Оморбеке карап, көп маалката бербей өзүң баштап кирдиңби колуңдан келгенди жасай бербейсиңби деп бетке чапкандай сөз узатып калат.Шааныкан эже булардан өлүп эле кутулбасаң, тирүүңдө кутула албайт окшойсун. Баягыл эле эл ичкенден тазасы болсо бирди бериңиз. Анан шамшум эткенге ортолука баамдап койгонго бир нерсеңиз болсо келтириңиз. Алгачкысын "без слов" алалы деп өзү тартып жиберет да кана коштоп койгула деп бизге кайрылат. Андан соң жылмыта тарткан жан нымшый түшөт. Калдыбай кайрыла Оморбекти чүчүгүна жеткире мактап кирет. Ой, Тамашаев! мактап эле калдың дагы кайтала дегенсип турасын го... Өзүң деле түшүнүп турбайсыңбы деп Калдыбай жооп узатат. Эпил тепил куюлган соң сөздөр көбөйөт. Өткөн кеткендер бажоо эске түшөт. Мындайда Абдимитал армиядагы күндөрүн Оштогу студенттик учурларын кеп кылуудан тажабайт. Абдимиталдын майда сүйлөгөн сөзүнөн мукурай түшкөн Оморбек мен канча жолу айтам эй, Жапардын баласы так сүйлөчү укканга жакшы мындайыңды коюп жүр деп өктөм айтып калат. Анан экөөнүн ортосунда анча мынча, кажу кужу сөздөр уланат. Абдимитал, эй Төштүк Омордун аскерден отпускага келгенин айтып койчу деп менин капталымдан нукуп калат. Алагүү олтурган баарыбыз күлкүгө батып калабыз. Ушул учурда Оморбек олтурган отургучунда жөн олтурбай тереӊ дем ала бел көчүгүн кыймылдата өзүн түздөй Төштүктүн сөзүнө ишенбегиле? Ал кошуп көркөмдөп койсо эле ишене бересиңерби деп Калдыбай, Абдимиталга көз кыйыгында баамчылдык менен суроо таштап калат.

Оморбек ачык жүрөк жигит. Мен булардан мурда аскердик милдетти өтөөгө чакырылганмын. Аскерден да алгачкылардан болуп милдетимди өтөп келгенмин. Айылда мен келгенде классташ курбулардын баардыгы аскерде экен. Атам колхоздун койун баккандыктан ага жардамчы Оморбектин атасы Тойтон авабыз эле. Ошол жылы ооруп жүргөн чагы окшойт. Дайыма жылуу тондоно маанайы ачык жүрчүү эмес. Атам бирге жашташ болгондуктан бири бирине колдоочулукту жакшы көрсөтчүү. Кийин жазга жуук апрель айларында эскиден айткандай жер көпкөн мезгилде оорусу катуу козголду окшойт кайтыш болуп кетти. Оморбек аскердик милдетин өтөп жүргөндүктөн атасы кайтыш болгондо келе алган жок. Ошол эле жылы аскердик кызматын жакшы өтөгөндөрдүн катарында отпуска алып келип калды. Айлыбыз бир тууганчылыгыбыз жакын болгондуктан анын келишин угарыбыз менен үйүнө жетип бардык. Оморбек баралына келип акжуумал тарта аскер кийиминде делебеси көтөрүңкү жолдун четиндеги чоң таштын үстүнө чыга туруп калган экен. Анан экөөбүз кучак жая көрүштүк. Ал мага орусчалай "почему унас доме скучно, родители меня радостно не встечають" деп билгенинче орусча сүйлөп калды. Мен атаң Тойтон кайтыш болуп калды. Уккан эмес белең деп сөз узаттым. Ошол жерден Оморбек эки озунан бир ооз аткан октой үй тарабын көздөй я, дурак! Я незналь деп барып ызы чуулу ыйга бөлөнүп калды. Ошондон бери Оморбектин ушул жоругу теңтуштар арасында дайыма айтылып келет. Анан калса Оморбек кандай деңгээлде болсо да ар бир кебинде орусча сөздү кош сүйлөгөндү адатка айландырып алган. Бул жолу да айтууга туура келип баарыбыз кыраан каткы күлкүгө баттык... Ал убакта аскерден келгендер жарым жылдап өздөрүн башкача кармана орусча аралаштыра сүйлөгөндү өзгөчө көрө турган.

**(уландысы кийинки санда)**

**М. Жуманазаров, журналист.**

# Жаш балдарга карата жана алар тарабынан жасалган кылмыштар

Ош областынын прокуратура органдары тарабынан, балдар арасындагы мыйзам бузуулардын алдын алуу, үй бүлөлүк зордук-зомбулукту жоюу боюнча прокурордук көзөмөл иши, багыттамалардын жана облустук прокуратуранын практикалык жардам көрсөтүү ишмердигинин натыйжалары эске алуу менен жүргүзүлүп келүүдө.

2025-жылы Ош областынын аймагында 113 кылмыш иш боюнча 158 бала жазык жоопкерчилигине тартылган, анын ичинен 27 кылмыш иш боюнча 41 бала тарабынан кылмыштуу аракеттер 2022-2024-жылы жасалган болсо, 86 кылмыш иш боюнча 117 бала тарабынан кылмыштуу аракеттер иш жүзүндө 2025-жылы жасалгандыгы аныкталган.

Жогоруда аталган кылмыш жасаган 158 баланын ичинен 59 (37,4%) бала мектеп окуучулары, ал эми, 32 (20,2%) чет өлкөгө эмгек миграциясына кетишкендерин балдары экендиги аныкталган.

Аталган 113 кылмыш ишти кылмыштын түрүнө карата бөлүп караганда, төмөндөгүдөй көрүнөт:

- 56 кылмыш иш КР ЖКЖнын 205-бер. (уурулук фактысы боюнча) менен козголуп, жалпы козголгон кылмыш иштердин 49,5 % түзгөн, алардын ичинен 32 кылмыш иш түнкүсүн жасалган кылмыштуу аракеттерге байланыштуу козголгон.

- 9 кылмыш иш КР ЖКЖнын 280-бер. (бейбаштык фактысы боюнча) менен козголуп, жалпы козголгон кылмыш иштердин 8,0 % түзгөн (бейбаштыктын 5 учуру көчөдө, 1 мектептин ичинде, 1 авто унаа жолунда, 2 талаада жасалган).

- 9 кылмыш иш КР ЖКЖнын 206-бер. (тоноо фактысы боюнча) менен козголуп, жалпы козголгон кылмыш иштердин 8,0 % түзгөн, алардын ичинен 4 кылмыш иш түнкүсүн жасалган кылмыштуу аракеттерге байланыштуу козголгон.

- 6 кылмыш иш КР ЖКЖнын 209-бер. (алдамчылык) менен козголуп, жалпы козголгон кылмыш иштердин 5,3 % түзгөн.

- 5 кылмыш иш КР ЖКЖнын 130-бер. (ден соолукка оор залал келтирүү) жана 5 кылмыш иш КР ЖКЖнын 211-бер. (автотранспорт каражаттарын айдап качуу) менен козголуп, жалпы козголгон кылмыш иштердин 4,4 % түзүшкөн.

- 4 кылмыш иш КР ЖКЖнын 205/1-бер. (мал уурулук), 4 кылмыш иш КР ЖКЖнын 131-бер. (ден соолукка анча оор эмес залал келтирүү), 3 кылмыш иш КР ЖКЖнын 122-бер. (адам өлтүрүү), 2 кылмыш иш КР ЖКЖнын 136-бер. (ден соолукка жеңил залал келтирүү), 2 кылмыш иш КР ЖКЖнын 332-бер. (экстремисттик материалдарды даярдоо), 1 кылмыш иш КР ЖКЖнын 158-бер (он алты жашка толо элек балага карата сексуалдык катнашсыз ыплас аракеттер жасоо),1 кылмыш иш КР ЖКЖнын 207-бер. (каракчылык), 1 кылмыш иш КР ЖКЖнын 278-бер. (массалык баш аламандыктар), 1 кылмыш иш КР ЖКЖнын 127-бер. (Этиятсыздыктан өлүмгө алып келүү), 1 кылмыш иш КР ЖКЖнын 134-бер. (Этиятсыздыктан ден соолукка оор залал келтирүү), 1 кылмыш иш КР ЖКЖнын 312-бер. (автомототранспорт каражаттарынын кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздук эрежелерин бузуу), 1 кылмыш иш КР ЖКЖнын 379-бер. (документтердин жасалмасын жасоо) жана 1 кылмыш иш КР ЖКЖнын 216-бер. (башка бирөөнүн мүлкүн жок кылуу) менен козголгон.




Жогоруда белгиленген кылмыштарга карата талдоо жүргүзүлүп, ал кылмыштуу аракеттерге түрткү берген себептери болуп:

-үй бүлөдө ата-энелер тарабынан балдарына жетишээрлик деңгээлде көзөмөл кылынбагандыгы;

-чет өлкөлөрдө эмгек миграцияда жүрүшкөн жарандардын балдарына карата көзөмөлдүн жоктугу.

Ал эми, балдарга карата жасалган кылмыштар боюнча Ош областынын аймагында 134 кылмыш иш козголуп, 2024-жылга салыштырмалуу (140) балдарга карата жасалган кылмыштар боюнча козголгон кылмыш иштердин саны 6 кылмыш ишке төмөндөгөн.

Балдарга карата жасалган кылмыш иштер боюнча тергөөнүн жыйынтыгы менен 7 кылмыш иштин тергөөсү КР ЖКПКнын 246-бер 1-б. 1, 3-п. негизинде айыпталуучу катарында жоопко тартууга тийиш болгон жакты аныктоого мүмкүн болбогондугуна байланыштуу токтотулуп, 30 кылмыш иш өндүрүштөн кыскартылып, 32 кылмыш иш башка кылмыш иштерге бириктирилип, 58 кылмыш иш соттук кароого жиберилген болсо 7 кылмыш иш боюнча тергөө жүргүзүлүп жатат.

Балдар тарабынан жасалган кылмыштардын саны былтыркы жылга салыштырмалуу төмөндөгөнүнүн себептери катары ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан балдардын арасындагы кылмыштуулукту алдын алуу боюнча иш жүзүндө жүргүзүлгөн иш-чаралардын күчөтүлүшү жана Ош областынын прокуратура органдары тарабынан аталган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө карата эффективдүү көзөмөлдөө ишинин натыйжасы болуп эсептелинет.

Мисалга алганда, 2025-жылдын ичинде областтык прокуратура тарабынан аталган багыттарда 61 текшерүүлөр жүргүзүлүп, 160 мыйзам бузуулар аныкталып, ал бузууларды жоюу максатында 37 сунуштама, 18 талап кылуу, 5 эскертүү келтирилген.

Белгиленген прокурордук чара көрүү актыларын кароонун жыйынтыгы менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын 68 кызматкери тартиптик жоопкерчиликке тартылышкан.

Жыйынтыктап айтканда, балдар арасындагы мыйзам бузуулардын алдын алуу жана үй бүлөлүк зордук-зомбулукту жоюу максатында уюштурулуучу иш-чаралар прокурордук көзөмөлдүн приоритеттүү багыттарынын бири болуп кала берет.

**Айдай Керимова,**
**Ош областынын прокуратурасынын бөлүмүнүн улук прокурору**

**101 билдирет**

# Өрт коопсуздук эрежелери

Кышкы мезгилге карата өрт коопсуздук эрежелерин сактоодо мештерде от жагуудагы коопсуздук эрежелерин билүү зарыл.

Меш жылытуучу үйлөрдүн өрт коопсуздугунун эрежелери төмөнкүлөр:

- жылытуу мештерин өз убагында оңдоо;
- морлорду көөдөн тазалоо;
- мештин дубалынын жана мордун жаракаларын кум-чопо эритмеси, шыбак жана актоо менен оңдоо;
- мештин алдындагы полго 50х70 см өлчөмүндөгү металл "листтин" коюлуусу;
- чатырдан чыккан мордун тегерегин кыштар менен тосуу;
- мешти күйүүчү суюктуктар менен күйгүзбөңүз.
- күл, шлак, көмүрдү атайын бөлүнгөн жерлерге ташып чыгуу керек. Мындай чогулуучу жайларды күйүүчү имараттардан 15 метрден жакын жайгаштырууга жол берилбейт;

-морлор иштетилүүчү учкун өчүргүчтөр менен жабдылууга тийиш (торунун өлчөмү



5х5 мм. ашпаган металл торлор);

- жылытуу мештерин көзөмөлдөөнү жаш балдарга тапшырбагыла;
- морлорду жана мештерди көөдөн тазалоону баштоо алдында, ошондой эле бүткүл жылытуу мезгилинде үч айда бир жолудан кем эмес жүргүзүү зарыл.

Мешти иштетүүдө жылытууга жол берилбейт:

1. Заводдо чыгарылбаган мештерди (жарыктары бар, эшиктери жараксыз, дубалдардын, тосмолордун жана шыптардын жыгач конструкцияларына «түтүндөн» жетишсиз кесилбеген, мешке чейинки листтердин жана башка кемчиликтери бар), иштетүүгө;
2. Күйүүчү майларды, кийимдерди жана башка күйүүчү заттарды жана материалдарды мештердин үстүндө жана мештердин тешиктеринен 1,25 м. кем аралыкта кургатуу жана сактоо;
3. Мештердин морлору катары желдетүү жана башка каналдарды колдонуңуз.

**К. Кыдырбаева,**
**КР ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨжААиАКИ боюнча бөлүмүнүн офицери, майор**

**Жарыялар**

## Жараксыз деп табылсын

ОшМУ тарабынан 2023-жылы Уманалиев Нурислам Турдалиевичке берилген серия УБ № 230029716 сандуу дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**Ххх**

Кара-Суу районунун № 59-Лицейи тарабынан 2014-жылы Мансурбеков Орозали Мансурбековичке берилген серия № 140047342 сандуу аттестатынын түп нускасы жана ушул эле лицейи тарабынан берилген серия № 100806 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облусунун коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
А.Матиева

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
**Катталуу күбөлүгү**
213623-3310-У-е
**Жазылуу индекси:**
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 119
Нускасы: 1700

# ЖАЛПАК-ТАШТАГЫ ДЕМ БЕРГЕН ӨЗГӨРҮҮЛӨР

**Бийик тоолордун арасында жайгашып, табияттын катаал шартында жашоонун нугу менен өнүгүп келе жаткан Жалпак-Таш айыл өкмөтү Өзгөн районунун социалдык-экономикалык турмушунда өзгөчө орду бар аймактардын бири. Айыл өкмөт башчысы Сыдыков Замирбек Зулумбековичтин маалыматы боюнча, айыл аймактагы тиричиликтин өзөгүн мал чарбачылыгы менен дыйканчылык түзөт, акыркы жылдары жер байлыктарын натыйжалуу пайдалануу аркылуу жергиликтүү бюджеттин кирешесин арттырууга да салым кошуп келатат.**





Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишмердиги аймактын инфраструктурасын жакшыртууга, калкка билим берүү, социалдык тейлөө кызматтарын жеткирүүгө, ошондой эле табигый ресурстарды мыйзам чегинде пайдаланууга багытталып жатат. Климаттык шарттын катаалдыгына карабастан, Жалпак-Таш айыл аймагында туруктуу жашоо, эмгек жана өнүгүү үчүн аракеттер тынымсыз уланып келет.

Бул макалада Жалпак-Таш айыл аймагынын географиялык өзгөчөлүктөрү, калкынын жашоо-тиричилиги, айыл чарбасындагы артыкчылыктары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги багыттары тууралуу сөз болот.

## Тоо койнундагы айыл аймак

Өзгөн районундагы Жалпак-Таш айыл өкмөтү 1996-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн токтому менен Жалпак-Таш айыл кеңешинин базасында түзүлгөн. Бийик тоолуу аймакта жайгашкан айыл өкмөтүнүн негизги багыттары – мал чарбачылыгы жана жер иштетүү болуп саналат. Акыркы жылдары сары таш, акиташ жана үлүл таш кендеринин иштетилиши жергиликтүү бюджетке олуттуу киреше алып келүүдө.

Аймак деңиз деңгээлинен орточо 2000 метр бийиктикте жайгашып, климаттык шарты катаал. Кыш мезгили ноябрь айынан апрелге чейин созулуп, кар калың жаайт. Жалпы аянты 8858 гектарды түзгөн айыл аймакта 10 калктуу конуш бар. Алар: Кысык-Алма, Киров, Курбу-Таш, Кара-Тарык, Карл Маркс, Ак-Терек, Түз-Бел, Үч-Капчал, Боз-Ала, Алча-Башат айылдары.

2025-жылдын жыйынтыгы менен 1096 кожолукта 8135 адам жашайт. Билим берүү тармагында 6 орто мектеп, 2 башталгыч мектеп жана 4 бала бакча иш алып барат.

## Курулуш иштери жана инвестициялык долбоорлор

Жалпак-Таш айыл аймагында акыркы жылдары ички жана сырткы инвестицияларды тартуунун натыйжасында социалдык жана өндүрүштүк инфраструктураны жакшыртууга багытталган бир катар маанилүү иштер жүзөгө ашты. Жергиликтүү бюджет, республикалык каражаттар, өнүктүрүү фонддору жана жеке демөөрчүлөрдүн колдоосу менен аймак өзгөрүп, калк үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө басым жасалып жатат.

Социалдык мекеме-уюмдардын айланасын көрктөндүрүү максатында жергиликтүү бюджеттин каржылоосу менен Өзгөн токой чарбасынан алынган 360 даана арча жана 20 даана карагай көчөттөрү отургузулуп, жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү. Бул демилге аймактын экологиялык абалын жакшыртууга өбөлгө болууда.

Электр энергиясы тармагында да олуттуу иштер жүргүзүлдү. Ак-Терек айылындагы электр мамычаларын жаңылоо үчүн жеке демөөрчүлөр тарабынан 93 даана темир-бетон электр мамычасы жана аларга тиешелүү өтмөктөр алынып, орнотуу иштери башталды. Мындан тышкары, электр энергиясын бөлүштүрүүчү ФП-160 трансформатору жана 15 000 метр ШП электр зымдары демөөрчүлөр тарабынан камсыздалды.



Билим берүү тармагында Т. Жоробеков атындагы орто мектептин жаңы имараты республикалык бюджеттин эсебинен каржыланып, курулуш иштерин “Улар-Транс” жоопкерчилиги чектелген коому баштады. Ошондой эле А. Ташмаматов атындагы башталгыч мектепте пластиктен витраждар орнотулду.

Жол жана инфраструктура багытында Ош облустук өнүктүрүү фонду аркылуу сатып алынган ShanShong үлгүсүндөгү автогрейдер Жалпак-Таш айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине өткөрүп берилди. Куршаб – Жалпак-Таш унаа жолуна республикалык бюджеттен 10 чакырымга асфальт төшөө иштери башталды. Түз-Бел айылынын ички жолдоруна темир турбалар орнотулуп, айыл өкмөтүнө кире беришке тосмо коюлду.



Айыл чарба жана мал чарбачылыгын колдоо максатында Ак-Терек жана Түз-Бел айылдарында мал жандыктарын эмдөөчү жайлар курулду. Ошондой эле Ак-Терек, Түз-Бел жана Үч-Капчал айылдарына 4 даана чагылган разрядын тосуучу түзүлүш орнотулду.

Коомдук коопсуздукту күчөтүү максатында Т. Турдубаева атындагы мектепке жана кире бериштеги “Аркага” видео көзөмөл орнотулду.

Саламаттыкты сактоодо Кара-Тарык айылында фельдшердик-амбулаториялык пункт (ФАП) “Бий-Бол Холдинг” ишканасы тарабынан курулуп, пайдаланууга берилди. Аталган объект дем берүүчү үлүштүк гранттын жана жергиликтүү бюджеттин каржылоосу менен ишке ашты.

Мындан тышкары, Түз-Бел айылында кичи футбол аянтчасы республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен курулуп бүттү. Кара-Тарык айылына унаа өтүүчү көпүрө демөөрчүлөр тарабынан салынды, Боз-Ала айылында алты тонналык таза суу кампасы курулуп, пайдаланууга берилди.

Жалпысынан алганда, жүргүзүлүп жаткан курулуш иштеринин жана инвестициялык долбоорлордун натыйжасында Жалпак-Таш айыл аймагында жашоонун сапатын жогорулатууга багытталган кадамдар жасалууда.

## Калк талабын ишке ашырган жергиликтүү демилгелер

Жалпак-Таш айыл аймагында социалдык объектилердин жана инфраструктураны жакшыртуу максатында бир катар ремонт иштери жүргүзүлдү. Бул иштер негизинен жергиликтүү бюджеттин, Өзгөн өнүктүрүү фондунун жана тиешелүү тармактык программалардын эсебинен каржыланды.

Алча-Башат айылындагы мектепке чейинки үч сааттык билим берүүчү кыска мөөнөттүү бала бакчанын имараты капиталдык ремонттон өткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Ошондой эле аталган бала бакчанын дарбазасы оңдолуп, ишке кирди.

Айыл аймактагы билим берүү мекемелерин 2025–2026-окуу жылына даярдоо максатында учурдагы ремонт иштерине керектелүүчү курулуш материалдары жергиликтүү бюджеттен сатып алынып, мектептер менен бала бакчаларда оңдоо-түзөө иштери аткарылды. К. Калмурзаев атындагы орто мектептин китепканасы жана от казаны ремонттолду, Т. Омуркулов атындагы жатак спорт залынын техникалык базасы жакшыртылды. Үч-Капчал айылындагы спорт залды ремонттоо жана эмеректер менен камсыз кылуу Өзгөн өнүктүрүү фонду аркылуу ишке ашты.

Инженердик жана коммуналдык тармакта түнкү жарыктандыруучу линияларды ремонттоо үчүн керектүү электр товарлары жана запастык бөлүктөр жергиликтүү бюджеттен сатып алынып, оңдоо иштери жүргүзүлдү. Ак-Терек айылында ичилүүчү таза суунун түтүктөрү ремонттолуп, суу камсыздоонун туруктуулугу жакшырды. Үч-Капчал айылындагы таза суу кампасынын айланасы тосулуп, коопсуздук чаралары күчөтүлдү.

Жол тармагында Киров, Кара-Тарык, Боз-Ала айылдарындагы ички жолдор ремонттолуп, айыл өкмөтүнүн кире беришине шагыл төшөлдү. Ошондой эле Үч-Капчал, Түз-Бел, Кара-Тарык жана Ак-Терек айылдарынын ички жолдорун оңдоп-түзөө үчүн шагыл төктүрүлдү. Кара-Тарык жана Ак-Терек айылдарынын ички жолдоруна темир трубалар орнотулду.

Саламаттыкты сактоо боюнча Ак-Терек айылындагы ФАПтын чатыры жергиликтүү бюджеттин эсебинен сырдалып, имараттын техникалык абалы жакшыртылды. Ошондой эле сибирь жарасынын чордондорун ремонттоо жана залалсыздандыруу иштери жүргүзүлдү.

Мындан тышкары, айылдык кеңештин кеңсесинде да ремонт иштери аткарылып, кызматкерлер жана жарандар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

**Бетти даярдаган: А.МАТИЕВА.**